КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
СОКУЛУК РАЙОНУНДАГЫ
ШОПОКОВ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

724830 Шопоков ш., Ленина к. 21
(0-3134) 5-81-81, 5-80-19, факс (0312) 60-75-72
shopokov.kenesh @ mail.ru, www.shopokov.kg
р/с 4403051231001673, ИНН 00401201610145

ШОПОКОВСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ
СОКУЛУКСКОГО РАЙОНА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

724830 г. Шопоков, ул. Ленина 21
(0-3134) 5-81-81, 5-80-19, факс (0312) 60-75-72
Shopokov.kenesh @ mail.ru, www.shopokov.kg
р/с 4403051231001673, ИНН 00401201610145

**Шопоков шаардык депутаттар Кеңешинин X чакырылышынын XII сессиясы**

**2022 ж "01"октябры** **№ 66 Токтому**

**Жергиликтүү курултайды откоруу жөнүндө**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 61 беренесин, жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4,7,66,77 беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентинин "Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө" 2022-жылдын 15-августундагы ПЖ №284 Жарлыгы менен бекитилген Биринчи Элдик курултайды өткөрүү боюнча уюштуруу комитетинин 2022-жылдын 9 сентябрындагы №2 чечими менен бекитилеген нускаманын негизинде, Шопоков шаардык кеңешитин X – чакырылышы

**ТОКТОМ КЫЛАТ :**

1. 2022-жылдын 5 ноябрында Шопоков шаарынын маданият үйүндө (клуб) биринчи Жергиликтүү Курултай чакырылсын.

2.Жергиликтүү курултайды даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чаралардын календардык планы бекитилсин. (1-тирекеме)

3.Жергиликтүү курултайды өткөрүүнүн иш-чаралар планы бекитилип жана белгиленген мөөнөттө аткарылысын. (2-тиркеме)

4.Шопоков шаарынан делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү курултайды жана эл менен жыйын өткөрүү графиги бекитилсин. (3-тиркеме)

5.Кыргыз Республикасынын биринчи Элдик Курултайга Шопоков шаарынан делегаттарды шайлоого Шопоков шаарынын жергиликтүү курултайына делегаттардын жалпы саны шаардын жашоочуларынын санына жараша 100 делегат болуп бекитилсин.

6.Шаардын жашоочулардын санын, көчөлөрдүн санын жана жаңы конуштардын санын эске алып 5 (беш) участокторго бөлүнсүн жана ар бир участоктон 20 дан делегаттар шайлансын.

7.Шопоков шаарынын делегаттарды шайлоо боюнча калктардын санына жараша, төмөнкүдөй участокторго бөлүнсүн:

1.Участок №1 к/к "Южный", "Геология" - 20 делегат
2.Участок №2 к/к "Ынтымак" жана Октябрьская, Ново-Октябрьская,Заводская, Садовая көчөлөрү - 20 делегат
3.Участок №3 к/к "Новостройка" - 20 делегат
4.Участок №4 "Центр" - 20 делегат
5.Участок №5 к/к "Мирный", Футбольная, Машиностроительная көчөлөрү - 20 делегат

8.Жергиликтүү курултайды өткөрүү боюнча жумушчу топтун (мындан ары – Жумушчу топ) курамы бекитилсин. (4-тиркеме)

9. Шопоков шаарынын мэриясы Жергиликтүү Курултайды даярдоого жана өткөрүүгө көмөк көрсөтсүн.

**Төрага** **С.Назаров**